DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2020

*Исабаева Н.А.*

# ВАН КЫРГЫЗДАРЫНЫН ҮЙЛӨНҮҮ САЛТЫ

*Исабаева Н.А.*

# СВАДЕБНАЯ ТРАДИЦИЯ ВАНСКИХ КЫРГЫЗОВ

*N.A. Isabaeva*

# WEDDING TRADITION OF KYRGYZ PEOPLE IN VAN

*УДК: 631.1*

*Макалада автордун жеке байкоолорунун жана сурамжылоо аркылуу информаторлордон алынган маалыматтардын негизинде Ван кыргыздарынын үйлөнүү салты жөнүндө сөз болот. Ван кыргыздарынын турмушун, анын ичинде үйлөнүү салтын эки этапка бөлүп кароого болот: жаңы келгенден 2005-ж. чейинки мезгил жана андан кийинки мезгил. Алгачкы мезгилде Памирдеги салттар Түркиянын шартына ылайык бир азыраак өзгөрүүлөр менен уланып келсе, экинчи этапта жаштардын заманбап билимге ээ болушунун, Түркия калктарынын таасиринин, өзгөчө интернет булактарынын кеңири жайылышынын натыйжасында жалпы эле салттар, анын ичинде үйлөнүү салты кыйла өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Адатта айылдын кызына жуучу келип, ага жоопту аксакалдар менен кеңешкенден кийин билдиришкен. Коомдогу бардык маселе Памирдеги салттын негизинде аксакалдар тарабынан гана чечилген. Кээде жуучуларга туугандары «масалат кылдык» (кеңештик) деп, макулдугун бербей койгон».*

***Негизги сөздөр**: Ван, үй-бүлө, салт, көч, адаптация, адептүүлүк, сеп.*

*В статье рассматривается свадебная традиция ванских кыргызов на основе личных наблюдений автора и информации, полученной от информаторов в ходе опросов. Жизнь ванских кыргызов, включая свадебную традицию, можно разделить на два этапа: с момента прибытия до нового 2005 года и период после. Если первоначально традиции были такими как в Памире, только с незначительными изменениями, приспособленными для условий Турции, то на втором этапе, в результате освоения молодежью современного образования, влияния турецкого народа, особенно широкого распространения Интернет-ресурсов, традиции в целом, в том числе и свадебные, подверглись значительным изменениям. Обычно к деревенской девушке приходили сваты, и после переговоров со старейшинами, все решалось. Все проблемы в обществе по основам памирских традиций решаются только старейшинами. Время от времени родственники отказывались давать свое согласие сватам, заявляя, что они уже «договорились».*

***Ключевые слова:** Ван, семья, традиция, миграция, адаптация, нравственность, приданое.*

*The article discusses the wedding tradition of the Kyrgyz people in Van based on personal observations of the author and information received from informants during the population survey. The life of the Van Kyrgyz people, including the wedding tradition, can be divided into two stages: from the moment of arrival to the new 2005-year and the period after. If initially the traditions were the same as in the Pamir, with only minor changes adapted to the conditions of Turkey, then in the second stage, as a result of the youth mastering modern education, the influence of the Turkish people, especially the wide distribution of Internet resources, the tradition as a whole, including wedding, underwent significant changes. In the Pamir, and at first in Van, a boy and a girl could not communicate openly. Usually, matchmakers came to the village girl, and after negotiations with the elders, everything was decided. According to the basics of the Pamir traditions, only elders solve all problems in society. From time to time, relatives refused to give their consent to the matchmakers, stating that they had already "agreed."*

***Key words:** Van, family, tradition, migration, adaptation, morality, dowry.*

Памирде да, алгачкы учурларда Ванда да бир уруунун кызы менен башка уруунун жигити менен сүйлөшүүсү адепсиздикти, наркссыздыкты билдирген. Жаштар да салтты катуу кармап, эгер бири-бирин жактырып калгандар болсо, жеңеси аркылуу кыздын макулдугун алган. Нике кыйылганга чейин жактырган кыздын жанына бара алган эмес.

Үйлөнүү күнү аныкталганда гана жигит кыздын жанына жеңелеринин коштоосунда келген. Кыз тараптын жеңелери күйөө баланы сый урмат менен тосуп коноктоп, экөөнү сүйлөштүргөн [1].

Памирде үйлөнгөн киши төмөндөгүлөрдү баяндайт: «Памирден үйлөнгөм, ал убакта аксакалдар өз ара сүйлөшүп, үйлөндүрүшчү, ага эч ким каршы чыкчу эмес. Өзүмдү мисал кылсам, мага да бул кызды сага ылайык көрдүк деп алып беришкен. Эгерде сен ала турган кыз чолок, кекеч же акылы тайкы жана башка жетишпеген нерселери болсо да, нике кыйганда гана көрүп, күлүп же ыйлап кала бересин, башка арган жок. Бир гана жолу үйлөнүп, ата бабанын тукумун улоо салт болгон».

Эски салты терең билген Коңурбу апанын айтуусу боюнча, кыздын себине Памирдеки салт боюнча 3

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



сандык берилсе, азыр кызга берилүүчү буюм тайымдарды «чейиз» деп түркчө атап калышкан. Септин туура аталышын азыр колдонбой унутта калып баратканын эскерди.

Кыздын себи үчүн сөзсүз түрдө кызга чаап жасалган сандык, сайма сайылган жууркан төшөктөн баштап, үй-турмушка керектүү буюм-тайымдардын баары берилген. Мындан тышкары туткуч, кашык кап, табак каптарды колго сайма сайып кооздоп беришкен. Мындай учурда кеткен чыгымдарга эч кайгырбай, кубануу менен жасашкан. Эгер кудалар тараптан бир аз түшүнбөстүктөр болуп калса, уруш чыгарбастан жакшылык өтсүн деп бардыгы сабырдуу болушкан.

Келин боло турган кыздын башына “пурсат” тагылган. Пурсат кызга кийгизип узатуу үчүн жасалган каляктын бир бөлүгү. Аны жасоо үчүн чыныгы жибек жипти Оогандан алып келишкен. Даярдоого бир кыш убакыт кеткен. Азыр каляк жасаган киши дээрлик жок [2].

Кызды көчүргөндө, ал минип кете турган ат да кооздолгон. Ал үчүн жалдарына, көзүнө, үзөнгүгө да кооз курактардан «лахмалта» тигишкен. Кыз атайын салтанат менен көчүрүлгөн. Памирдеги өткөрүлгөн тойлордун салтанатын бул жердеги тойлорго салыштыруу мүмкүн эмес. Тойго келген кыз-келиндер беттерине бет май, упа жана көздөрүнө осмо коюп кооздонушкан» [3].

Эми 2005-жылдан баштап, жашоо өзгөрүп, кыз өзү каалаган кишисине гана турмушка чыга турган болду. Коомдун мындай өзгөрүшүнө баарыбыз тең тез эле баш ийдик. Үйлөнө турган жигиттин каалосу менен мурунтан бири бирин жактырып, үйлөнүүнү өз ара чечишип алган кыздын үйүнө гана, жуучу жибериле баштады. Жуучу кыздын үйүнө келип, кеткенден кийин кыздын ата-энеси, бир кой союп, туугандарын чакырып кеңеш суралат. Агасы, тагасы (таякеси) туугандары туура көрүшсө, макулдук берилет. Андан кийин кезек кулдук уруу салт санаасы боюнча «Кыз баласы менде, карга баласы сенде» деп келген жуучуларга кулдук кылдырышат. Жуучуга макулдук бергенден кийин жарым жылда кыздын себи даярдалып, той өткөрүлөт. Айыл тургуну Асылхан өз кыздары тууралу буларды баяндайт: Кызым хожа (куран курсунан сабак берген мугалим), биз өзүбүз каалап, туугандарыбызга бердик. Кызыбыз да шариятта ата-энени угуш керектигинен улам каршылык кылбады. Ата-энемдин дубасы, ыраазысы деп күйөөнү көрө электе макул болду. Той куран окулган «мевлют той» болот. Шемама (оюндар) өткөрүлбөйт, аялдар өзүнчө, эркектер өзүнчө отуруп, дуба берип кетишет. Бирок, улуу кызыбыз өзүнүн каалаган адамына турмушка чыккан [4].

Ван кыргыздарында келин алууда же кыз узатуудагы негизги учурлар төмөнкүлөр: кызга «беши бир алтын», андан тышкары, 1000$ калың берилет. Калыңды атайын айыл аксакалдары кеңешип, бир баага токтолушкан. Айылда, ашыра чыгым жана мактануу иретинде жасалган ашыкча нерселерге чектөөлөрдү киргизген. Себеби динде да мындай нерселер ысраф (ысырап) катары эсептелинген. Тойлор өтө жөнөкөй деңгээлде, бата алуу максатында өткөрүлөт. Айыл тургундарынын айтуусу боюнча кыз чыгармак кыйын, келин алмак оңой. Себеби кыздын анжамды (сеп) эки жыл даярдалган. Тойго уулдун жакындарынан 15-20га жакын аял, кыздын үйүндө өздөрү алып келген азык-түлүк менен тамак-аш бышырып, кыздын туугандарына той өткөрүшөт.

Белгилей кетсек, тойдун көп бөлүгүнө жалаң аялдар катышат. Уул тараптын жеңелери, эт бышырып, быжы, олобо салынган бир кап даярдап, кыздын жеңелерине тапшырат. Берилген каптын оозун салтка ылайык атайлап, күмүш жүздүктү (акча) салып, табышмактуу сыр менен тигишет. Кыз жактан каптын оозун сөгүүгө жашы улуу аял тандалат. Ал каптын жибин кеспей, үзбөй билгичтик менен учун таап чечип алса, жүздүктү алган. Эгерде жипти чече албаса, жазасына кайра өзү тон берип, жипти кесишкен. Ван кыргыздарында дагы кыздын энесине сүт акыга бир уй берилген.

Тойлор негизинен «Пата той» жана «Чоң той» делинип, эки күн өткөрүлөт. Тойдо күйөөнү ырдаткан деген жөрөлгө бар. Аны ырдаган үч гана киши калган. Той башталганда эки куда тең бири бирине «сеп» (кийит) беришет. Ван кыргыздарында Памирден тарта сеп деген сөз кийим кийгизүү же азыркы Кыргызстандагы кийит кийгизүүнү билдирет. Чыгым эки жактан тең болот. Алгач кыздын көрүндүгү үчүн 1 там алтын (1700 түрк лирасы) берилет. Андан кийин кызга «Тамак мончок», «Акык» (шуру) тагылат. Аны тагаар күнү уул тарап бир кой союп, өзүнүн туугандарын чыкырып дуа(бата) алат. Андан кийин бир нече аял кыздын үйүнө барып, “акык” салып келишет. Сырга тизүү атабабыздан бери келе жаткандыктан, акык мончогун жипке тагуу мезгилинде, ырым кылышып, бала төрөгөн жана күйөөсү бар гана аялдарга уруксат беришет. Сырга тизилип, каляк ороп, чачына мончок тизилет [5]. Кыздын жүзү көрүндүгүн бергенден кийин ачылып, аяк кабы кийгизилип, сырга салынып, колдоруна уул тараптын туугандары шакек билерик тагышат. Кыздын «жүз көрүшмөсү» үчүн уулдун энеси 3 метр кездеме берет [6].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Учурда Жаманаң уруусуна кыз берип жаткандардын маалыматы: «Мен кыздын эжесимин. Той үчүн боорсок жасап, «Тиршек» (чачыла) даярдадык, азыр палоо басылып, меймандарга эт тартабыз. Кудагыйларыбызга арнап, колго тигилген 25-30 көйнөктү кийит кылып кийгизебиз. Биз күйөө баланын кайын эжелери, күйөөгө атайын арнаган «күйөө табак» киргизебиз. Жалпысынан келин алыш үчүн 10000-30000 түрк акчасы кетет. Акчанын көбү алтын алууга жумшалат. Келинге төркүндөрү да, уул тараптагылардан да «Герданлык» беш алтын тагышат. Бул көрүнүштү түрктөрдөн алынган жаңы салт катары карасак болот. Мындан тышкары кыздын туугандары кызга чейрек алтын, жарым алтын жана бүтүн алтындарды тагат [7].

Үйлөнүү той үчүн күйөө бала тарапта кандай даярдыктар болгондугун келин алууга даярданып жаткан Улуу Батлы Хадеж төмөндөгүчө айтып берди: «Биз отунчу уруусунан болобуз, азыр келин алуу үчүн биринчи «Пата той» берип жатабыз, аны өткөрүү үчүн саардан (эрте менен) кой союлуп, эл чакырылып, эт тартылат. Эл менен кошо кудалар да конок болушат. Белгилей кетсек, Кыргызстандагыдай «Куда күтүү» деген салт жок. Аларга да бүгүн жалпы эл менен кошо сый көргөзүп жатабыз, эртең келин боло турган кыздын үйүнө барып, алтындарыбызды тагып, конок болуп, анан эртеси кыздын үйүнөн чоң той кылабыз. Баланын үйүнөн өткөрүлгөн «Асел тойго» жаңы баш кошкондорго жардам болсун деп ар ким кошумча кошот. Кээде жаштарга 20-30 кой топтолуп калат. Азыр замандын агымына жараша, койдун ордуна алтын бериле баштады.

Үйлөнүп жаткан Эртурул Огуз менен Бактыгүлдүн үйлөнүү тоюнан алынган маалымат: «Кыз күйөөгө чыкканча кызыл өңдүү шапак тагынса, күйөөгө чыккандан кийин ак шапак тагылган. Кешик берүү Ван кыргыздарында «Чоома» деп аталат. Тойго келбегендердин баарына чооманы ар кимисинин үйлөрүнө жеткирип беришет.

Тойдун жүрүшү төмөндөгүдөй: алгач кудаларга арналып союлган малга «Мал мууздоо» деген жөрөлгө үчүн ырым катары кыздын энесине 200 түрк акчасы, чапан менен кездеме берилип, чачыла таратылып, дуба (курандын сүрөсү) окулат. Анан ошол маалда «Кайнене чыкпас» деген ырым жасалат. «Кайнене чыкпас» - кыздын энеси кудаларга көрүнбөй бир бөлмөдө олтурат. Уул тарап, ырым катары акча же тон берип, кайнени чыгарышат. Андан кийин сырга тakканда, «ат кармарыны» жана «көшөгө боосу» деген аталыштагы ырымы үчүн 3 метр кездеме, 1 чапан, 500 түрк лирасын кыздын энесине тапшырат. Кешик катары атайын дайындалган боорсок, эт салынган капты кыздын жеңелерине берет. Анан «күйөөнү жоктоо» ырымы жасалат. Күйөөнү ырдаткан эки жеңеси менен аларга арналган 20-40га чейинки табак: *балдыз табак, жеңе табак, кайнеже табак, кайнене табак, жээн табак, күйөөгө чай ичирген* ж.б.у.с. табактарда каттама, манты, палоо берилет [8].

Тамактар желгенден кийин табакка күйөө бала тарап акча салышат. Акчанын суммасы табактарды даярдагандардын кызга жакындык даражасына жараша болот. Адатта 70-200 түрк лирасын салышат. Кечинде күйөөгө арналып кой союлуп, «кайнене табагы» дасторконго берилет. Бул жөрөлгөгө бир бүтүн алтын же 500 лирадан өйдө акча салынат. Нике кыйыларда кыз менен жигит өзүнчө башка бөлмөлөрдө олтурушат. Кыз менен баланы тааныган күбө болуп жүргөн, эки адам өкүл ата шайланат. Өкүл ата эки жаштын турмушундагы боло турган маселелерин чечишип, кеңеш берет деген үмүттө дайындалат. Белгилей кетсек, өкүл эне деген түшүнүк жок. Нике кыйыларда бир адам төмөндөгү сөздөрдү айтып, кыз менен уулдан сурайт:

«Күба күба дурман күбөлүккө жүрөдурман, Актых халалдык ичин, халалдык жүктүк үчүн убай худай талаанын амири ичин, Пайгамбар худанын шарияты үчүн Хам ника жандан, Хам маржандан векилиңди кимге бердин деп сурайт. Алар олтурган аксакалдардан кимге ишенсе, ошону тандайт. Нике кыюудагы бардык нерселер алгач динге анан салтка жараша жүргүзүлөт. Алгач кыздын калыңын, мусулманча айтканда, мехирин чечишет. Кыздын атасына сөз берилет. Ал айтат: мага 500 тилла алтын акча, бир алгыр куш, бир ит, бир ат, бир мылтык, бир төө берилсин. Уулдун атасы ага кайрылат: менин ахбалымды бир түшүн, мен 500 тилланы көтөрө албайм. Анан кайра сүйлөшүүлөр жүрүп пайгамбарлардын арбайына (арбагына), аксакалдардын арбайына, өткөндөрдүн арбайына 50 тилла алтындан түшүп келип никени 7 алтынга байлайт. Анан кайрадан кыздын атасы айтат: «мылтыкты асынып, итти жетелеп жүрсүн» деп күйөө балама бердим, атты кызыма мингизем, төөгө амжамдарын жүктөйм, мага кушумду берсин дейт. Уулдун атасы 100 лира берет, анан эки тал боорсокту чайга чылап, экөөнө ичиришет. Өкүл аталарга 100 лира акча берилет. Жети алтын кыздын мехири болот. Эгер ажырашып кетсе, дин боюнча, ал сөзсүз аялга берилген. Антпесе кыяматта карыз болот. Ал аялдын акысы катары эсептелинет. Анын мааниси эгер аял ажырашып кетсе, иш тапканга чейин ошол жети алтынды

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



колдонуп жашап турат. Ван кыргыздары ислам дининде аялдын укугу эң жакшы корголгонун жана дин боюнча эркектерге аял аманат, аны кооздоп кармаш керектигине бекем ишенишет [9].

Каада-салт боюнча бардык жөрөлгөлөр жасалгандан кийин, кызды узатуу камылгалары көрүлөт. Мындан тышкары төмөндөгүдөй ырым жырымдарга орун берилет:

**«Чач сылаар»** – аялдардын бири күйөөгө кете турган кыздын сулуулугун, назиктигин даңазалап ырдайт. Күйөө бала тараптын жеңелери келин боло туган кыздын чачынан сылап, ырым үчүн эки жүздүк жана күмүш шакек байлашат. Ал үчүн бир кездеме, койдун карчыгасы берилет. **«Ат кармар»** – жөрөлгөсү үчүн кыздын улуу эжеси там алтын же кой берет, Памирде ат берилчү экен [10]. **«Отко киргизүү»** – күйөө баланы кайненеси отко киргизет. Анын ырымы үчүн 500-600 лирага чейинки түрк акчасын же бүтүн алтын алып барышат. Кыз менен күйөө босогонун алдына келгенде жанаша турат. Үйгө алгач киргенде, кимиси биринин бутун биринчи басса, жашоодо ошонун сөзү өтүмдүү болот деген ырымдарга ишенишет. **«Кемпир өлдү»** – күйөө бала алгач үйгө киргенде эшикти бирөө тосуп, кемпир өлдү деп киргизбейт, кирүү үчүн ага бир тон жабат. Андан тышкары күйөө үйгө киргенде, жеңине кымбат баалуу таттууларды, тыйындарды кошуп толтуруп келип, кирери менен чачып жиберет. Аны майда балдар берекелүү болсун деген ниетте талашып, алып кетишет. Информаторлор Ван кыргыздарынын тойлору карын тойгузуу үчүн эмес, көңүл тойгузуу үчүн болорун белгилешти. Той учурунда камылгаларда бир кемчилик болсо, уул тараптагыларга билдирип жетишсиз нерселер дароо толукталат. **«Төшөк басты»** – Жаштардын никеси кыйылгандан кийин «Төшөк басты» жөрөлгөсүнө жол берилет. «Төшөк басты» – кыздын эки жеңеси менен күйөө баланын эки жеңеси, кыз менен күйөө баланын бирин хан, экинчисин каныша кылып, үч күн сыртка чыгарбай тамактарын берип, бир бөлмөгө жалгыз калтырышат. Той учурунда кыз үч күн кызгылт жоолук салынып жүрөт. Үчүнчү күнү эл кайрадан чакырылып, күйөө бала тарап бир кой соет, кыз жак күрүч жасап, тууган урукту чакырып, дубасын (батасын) алып кызга ак жоолук салышып, энеси жасаган чачпакты тагып, чачын өрүп, шапак кийгизет. Той түшкөндөн кийин кыз өз үйүндө 1 айдан ашыкча калат. Ошол мезгилде кызды баардык туугандары ча-кырып коноктойт, отко киргизишет. Конокко чыкырылган кыз күйөөнүн үйүнө көчүрүлгөнгө чейин, кайын журт тараптагылар эшиктен көрбөсүн деп, жүзүн жаап жүрөт. Кыздын себи даяр болгондо, «Кыз көчүрүү» деген жөрөлгөгө орун берилет.

**«Кыз көчүрүү»** – Сөз кесилип, никеси кыйылып, той бүтүп, себи («амжам») даяр болгондо, кызды ата энеси, кудасынын үйүнө өздөрү көчүрүп келишет. Той түшкөн кыз күйөөсүнүн үйүнө барганга чейин, бети чүмбөттөлүп жүрөт. Бул көчөгө чыкканда анын жүзүн кайын журту көрүп калбасын деген белги. Азыркы күндө Улуу Памир айылынан, көчөдөн бети тор жоолук менен жабылган кыздарды көргөндө, кыз жакында күйөөсүнүн үйүнө көчүрүлө турганын билүүгө болот. Бул жаш келин үчүн сый урмат жана дагы бир жаңы жашоого даярдык. Кызды көчүрүүдө, кызга каляк ороп, чапан жана бутуна маасы- көлөч кийгизип, бели берекелүү болсун деген ниетте белине кызыл жоолукка нанды кошуп, курчайт. Кыздын ата энеси туугандарынан 20га жакын адам менен, күйөөнүн үйүнө барат. Келинди көчүрүп келе жатканда алгач коңшулары аркан тосот. Келин келгенде, алгач «ооз жандыруу» каймактан «каргун» (каймакка шекер салып чалып жасалат) ооз тийгизишет. Ар бир киши келинди, көрүндүк берип көрөт. Келин кайын журтуна жүгүнгөндүн ордуна  алик айтат же салам айтат. Келин уулдун үйүнөн алгачкы жолу ырым кылып, өз колу менен «шола» (шауле - суюк палоо) тамагын берет. Ал келиндин жолу кайын журтуна берекелүү болсун деген ниетте берилет. «Келиндин аягынан, койчунун таягынан» дегендей, жаңы келиндин колу ачык, берекелүү болсун дешип, улуулар келинге бата беришет. Бул салт «чөмүч булгар» деп аталат. Келиндин сандыгында атайын дайындалган шуру-мончоктор болуш керек. Аларды жакшы мамиледе болуу ниетинде, кайын сиңдилерине белек катары берет. Куда тарап, аларга арнап, кой союп, сый көргөзүп, баарына кийит кийгизет. Көчүрүп барганда жашы улуу энелердин бири кыз жаңы үйгө көнгүчө, куданын үйүндө 3-4 күн калып, конок болот [11].

Жаңы келинди күйөөнүн туугандары кезеги менен отко киргизүү үчүн чакырышат. Келинге эки айдан кийин, ата-энесинин үйүнө төркүлөп келүүсүнө уруксат берилет [12]. Төркүлөп келген кызга жана күйөөгө, ата-энеси башынан аягына чейин «эгин» кийит кийгизишет [13].

Ван кыргыздарында бизге маалым эмес «Ак кечишүү» деген адат болгон. Кошар аксакал бул тууралуу төмөндөгүдөй маалымат берди: «Менин мал-мүлкүмдүн көбү зайыбымдын берекетинен болду, мен ач калбадым, киймим жыртык жүрбөдүм. Эки дүйнөдө тең байбичем менен шейитмин, биз «ак кечиштик». Аялы менен күйөөсү бир адамды күбө катары чакырат. Ал тапкан бардык мал-мүлкүн экөөнө тең экенин жарыялап, «Аллоху Акбар, акыңарды бири бириңерге

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



насип кылсын» деп дуба (бата) берет. Ошондо алардын мал мүлкү адалдашат. Ак кечишүүнүн себеби, диний көз караш боюнча, эгер бирөө муктаж болуп келип кайыр сураса, адалдашпаган аял ага муктаждыгын каржыласа, ага сооп болбой, күйөөсүнө гана өтөт». Адалдашкандан кийин жараткан бардык оокатарыбызды «пилди пил, кылды кыл» кылып бөлүп берет» [14].

Эски убактарга салыштырмалуу азыр кыздарды бардык ата энелер окутуп калышкан [15]. Ван кыргыздары башка улуттар менен да турмуш курушат. Азыркы учурда 10го жакын түрк, күрд келиндер бар [16] .

Ван кыргыздарынын коомунда аялдар өзгөчө орунда турат. Себеби ислам динин жакшы билгендиктен, аялдарды сыйлап, «Азизе» же «Маздим» дешет. Эскерте кетсек, Ван кыргыздарынын Памирде жашаган мезгилинде бардык жашоодогу жүк аялдарда болсо, Түркияга келгени күнүмдүк баардык иш эркектерге жүктөлгөн. Аял «үй айымы» деген түрктөрдүн маданиятынын таасирине кабылышкан [17]. Бул маалыматтардан биз Ван кыргыздарындагы жүрүм турум маданияты үй-бүлөө күтүүдө, адамдардын ортосундагы карым-катнашта ачык көрүнүп, адеп ахлактын жогорку деңгээлде сакталганын байкайбыз.

**Адабияттар:**


1. Талаа дептери. Ейюпхан Кошар, уруусу Алапа, 37 жашта. Улуу Памир айылынын башчысы.
2. Талаа дептери Коңурбү Асиялы уруусу Тейит, 60 жашта.
3. Талаа дептери Мубадатхан Хорасан, 90 жашта.
4. Талаа дептери Асилхан Ержан, уруусу Алапа, 46 жашта.
5. Талаа дептери Разица Доханер уруусу Чегитир, 38 жашта.
6. Талаа дептери Сяпал Йар уруусу кыпчак.
7. Талаа дептери Зейнеп Ыйлдырым. Улуу Памир айылынын тургуну.
8. Кайыпов С. Памир кыргыздарынын тамак-аш маданияты. Этнографиялык изилдөө. I том. Үрүмчү, 2016.105-б.
9. Талаа дептери. Ейюпхан Кошар, уруусу Алапа, 37 жашта.
10. Талаа дептери Гулер Галип уруусу Шайым, 63 жашта.
11. Талаа дептери Асилхан Ержан, уруусу Алапа, 46 жашта.
12. Талаа дептери Алия Кошар, уруусу Кызылбаш.
13. Талаа дептери Гүлсүн Фидан уруусу чегитир 32 жашында.
14. Талаа дептери Абдулзахир Кошар уруусу Алапа.
15. Талаа дептери Солун Тезерен, уруусу Алапа, 66 жашта.
16. Талаа дептери Абдулазиз Кесикли, уруусу Шайим, 59 жашта.
17. Талаа дептери Урушбек Эрдоган, уруусу Отунчу.